## Ак-Тилек орто мектебинин класс жетекчилеринин максаты жана милдеттери

**Максаты:**

Инсанды жана атуулду учурду баалоого, өткөндү сыйлоого, келечекке ишенүүгө адеп-ахлактык, мекенчилдик жана толлеранттуулуктун негизинде тарбиялоо.

**Милдети:**

1. Бардык окуучулардын эркин ой жүгүртүүсүнө шарт түзүү.
2. Жамааттын ар бир мүчөсүнүн өзүн-өзү таанытуусуна жана өздүк мамилесине жараша жагымдуу шарт түзүү.
3. Окуучуларга педагогикалык жана психологиялык жардам көрсөтүү.
4. Класс жамаатынын ишин уюштуруу.
5. Жаны билимди алууга колдоо көрсөтүү.
6. Өлкөбүздүн тарыхын билүү, улууларды урматтоого, кичүүлөрдү сыйлоо сезимин тарбиялоо.
7. Ата журттун рухий жана маданий баалуулуктарын окуучуларга тааныштыруу.

Ийгиликтүү усулдар.

1. Сабак.
2. Класстык саат.
3. Класстык жана жалпы мектептик иш-чаралар.
4. Ата-энелер жыйналышы.
5. Окуучулар менен жекече иштөө.
6. Тестирлөө.

Ийгиликтин этаптары.

**I этап. Үй-бүлө жөнүндө маалымат.**

1. Үй-бүлөнүн курамы.
2. Социалдык-демографиялык шарттар.
3. Материалдык, турмуштук шарттар.
4. Окуучулардын жана ата-энелердин үй-бүлөлүк карым-катнашынын мүнөзү.

**II этап. Мекенчилдик жана атуулдук тарбия.**

1. Мамлекеттик символдорду, өз улутунун тарыхын, өз уруусунун тарыхын үйрөнүү.
2. Өлкөнүн негизги законунун текстин үйрөнүү.
3. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларын эскерүү иш-чараларына катышуу.
4. Тарыхый жана көркөм адабияттарды окуу.
5. Белгилүү күндөргө байланышкан класстык сааттарды өтүү.

**III этап. Эмгек тарбиясы.**

1. Кесипке багыттоо иштери.
2. Класстын тазалыгын кароо.
3. Мектеп ишканасына күзөт уюштуруу.

IV этап. Акыл тарбиясы.

1. Туулган жердин улуттук өзгөчөлүгүн окуучуларга тааныштыруу.
2. Окуучуларды тарбиялоодо төмөндөгүдөй сапаттарга басым жасоо керек: жардам берүүгө даяр болуу, улууларды сыйлоо, өздүк маданиятка кызыгуу (салт, тил), кеп маданияты, пикирлешүү, мекенди сүйүү, окууга көз караш.
3. Атуулдук жоопкерчиликти жана аң-сезимди калыптандыруу.
4. Китеп окууга болгон сүйүүсүн арттыруу.

**V этап. Эстетикалык тарбия.**

1. Бул этапта ички дүйнөнүн тереңдиги калыптандырылат.
2. “Инсан үчүн бардыгы сонун болуш керек” деген темадагы класстык саат.
3. Жалпы мектептик иш-чараларга катышуу.
4. Искусствого, музыкага, живопиське болгон сүйүүнү арттыруу.
5. Гезит чыгаруу, классты жасалгалоо.

**VI этап. Укуктук тарбия.**

1. Укуктук нормаларды үйрөнүүнү улантуу.
2. “Атуулдук коом”, “Укуктук мамлекет” деген темадагы класстык сааттар.
3. “Бизди курчап турган дүйнө” – маалыматтык класстык саат.